Бекитемин: ____________
Итикул Молдобаев атындагы орто
мектебинин директору: Саякбаева Н.Ш.

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин окуучуларынын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү жөнүндө жобосу**

## I. Жалпы жобо

1.1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин уставынын негизинде иштелип чыкты.

1.2. Жобо окуу жыл ичинде 1-11-класстардын окуучуларынын предметтер боюнча билим сапатын эки жолу аныктоону ирээтке келтирүүчү орто мектептин логикалык актысы болуп эсептелет.

1.3. Бул жобо нормативдүү документ, билим сапатын аныктап туруу үчүн аны өткөрүүнүн формасын жана жолун регламенттейт.

1.4. Билим сапатын көзөмөлдөө-билим берүү процессинин зарыл компонентинин бири.

1.5. Окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү азыркы билим сапатын жогорулатуу үчүн бүт кызыктар тараптарды бириктирген башкаруу системасы. Билимдин сапатын аныктоо үчүн бүт кызыктар тараптарды бириктирген башкаруу системасы. Билимдин сапатын аныктоо үчүн административдик көзөмөл жүргүзүү замандын талабы.

1.6. Билим сапатын көзөмөлдөө системасы мугалим, тарбиячынын ошондой эле мектептин ишин сапатын аныктоого багытталат.

1.7. Окуу максаты билим берүү процессинин бардык катышуучуларына билим сапатын көтөрүүгө пайдаланылган кайтарым-байланыш. Билим берүүнүн сапаты-билим берүүнүн системасына мүнөздөмө берүү.

1.8. Административдик көзөмөл жүргүзүүчүлөр:
1. Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары:
2. Бирикме жетекчилери.
   Аткаруучулар предметтик мугалимдер.

## II. Административдик көзөмөл жүргүзүү тартиби

2.1. Мектепте билим берүү чөйрөлөрүнүн негизинде предметтер боюнча окуу жыл ичинде эки жолу-биринчи жана экинчи жарым жылдыкта окуучулардын билим сапатын административдик көзөмөл жүргүзүү пландаштырылат.

2.2. Көзөмөл жүргүзүүгө календардык-тематикалыкпланда резерв сааттардын эсебинен саат бөлүнүп, окуучулардын ишине байкоо жүргүзүү класстык журналга түшүрүлөт.

2.3. Көзөмөл жүргүзүүнү уюштуруу талдоо жүргүзүү жыйынтыгын чыгаруу жоопкерчилиги усулдук бирикме жетекчисине жүктөлөт.

2.4.Мектептин окуу жылынын башында бекитилген окуу-тарбия процессинин жалпы планына ылайык түзүлгөн график боюнча көзөмөл жүргүзүүгө предметтик мугалимдер милдеттүү.

2.5. Усулдук бирикме жетекчисинин көзөмөлү астында биринчи жана экинчи жарым жылдыктарда алынган текшерүү иштери боюнча алардын жыйынтыгы салыштырылып, талданып окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар айтылат.